Мамлекеттик тил күнүңүздөр кут болсун!

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# ЭРКИН-ТОО

Шейшемби,
2025-жылдын
23-сентябры

№72 (3728)

www.erkin-too.kg

ИШ ЖУМА

## САДЫР ЖАПАРОВ БУУнун БАШКЫ АССАМБЛЕЯСЫНДА



**Президент Садыр Жапаров БУУнун Башкы Ассамблеясынын 80-сессиясына катышуу үчүн АКШга иш сапары башталды.**

Иш сапардын алкагында Президент Нью-Йорк шаарында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 80-юбилейлик сессиясына катышып, жалпы дебаттарында сөз сүйлөйт.

Мамлекет башчысы ошондой эле БУУнун Коопсуздук Кеңешинин «Жасалма интеллект: эл аралык коопсуздук жана тынчтык» темасындагы ачык дебаттарына жана Климаттын өзгөрүшү боюнча жогорку деңгээлдеги атайын иш-чарага катышат.

Мындан тышкары, Садыр Жапаровдун БУУнун Башкы катчысы А.Гутерриш, Америка, Европа, Азия жана Африка өлкөлөрүнүн мамлекеттеринин жана делегацияларынын башчылары менен эки тараптуу жолугушуулары өтөт.

## СПОРТТУН БАРДЫК ТҮРҮН КОЛДОШУБУЗ КЕРЕК

Өткөн аптада Ош облусунун Кара-Суу шаарында “Манас” футболдук стадионунун ачылыш аземи болуп, ага Президент Садыр Жапаров катышты.

Салтанаттуу иш-чаранын алдында Мамлекет Башчысы административдик имаратты, спортчулардын кийим алмаштыруучу жайын, машыгуу залын көрүп чыкты.

Белгилей кетсек, футболдук стадион заман талабына ылайыкташтырылып толук кайра курулду. Эски стадион 1960-жылы салынып, ондоп-түзөөдөн такыр өткөрүлгөн эмес. Жаңыланган, сыйымдуулугу 5000 адамга жеткирилген оюн талаасына табигый көк майсаң чөп төшөлдү, трибуналар орнотулду. Медиа зонасы, медициналык бөлмөлөр, административдик имараттар, калыстар үчүн кеңсе жайлары салынды. Ал эми борбордук аянт заманбап прожекторлор жана LED-экран менен жабдылып, кечкисин футболдук беттештерди жана иш-чараларды өткөрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Объекттин реконструкциясына 274,5 млн сом жумшалган. Мамлекет Башчысы бул каражат келечектин чемпиондоруна, жаштарыбыздын өнүгүүсүнө салынган инвестиция болуп эсептелине турганын баса белгиледи.

Ачылыш аземинен кийин «Мурас Юнайтед» менен «Дордой» командаларынын ортосунда Кыргыз Республикасынын Кубогуна финалдык беттеш болуп, ага Мамлекет Башчысы күбө болду. Беттеш 1:2 эсеби менен “Дордойдун” пайдасына аяктап, жеңүүчүлөргө Президент Садыр Жапаров кубокту жана медалдарды тапшырды.

## 100 000 ДААНАГА ЧЕЙИН КИЙИМ ЧЫГАРАТ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министри Бакыт Төрөбаев Чүй облусунда заманбап “KG TEX” тигүү ишканасынын ишмердүүлүгү менен таанышты. Аталган ишкананын ачылышы Эгемендүүлүк күнүнө карата болгон. Учурда 300 жумуш оруну түзүлүп, аймактын экономикасына жана өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизери күтүлүүдө. Тигүү ишканасынын өндүрүштүк кубаттуулугу айына 100 000 даанага чейин кийим чыгарууга мүмкүндүк берет. Чыгарылган продукция ички рынокто гана эмес, ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспортко чыгат. Бул долбоор – мамлекет, бизнес жана өнөктөш тараптардын, атап айтканда, Кыргызстан–Азербайжан өнүктүрүү фондунун (АКӨФ) кызматташтыгынын негизинде ишке ашырылды. Өнүктүрүү фонду ишкананы ачуу үчүн 930 000 доллар өлчөмүндө инвестиция салган. Долбоордун жалпы наркы болжол менен 2 миллион доллар.



## БАКУДАГЫ ЖОЛУГУШУУЛАР



Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетинин Төрагасы Камчыбек Ташиев Бакудагы Коопсуздук боюнча үчүнчү эл аралык форумга катышты.

Иш-чарага 60тан ашуун өлкөнүн коопсуздук жана чалгындоо органдарынын жетекчилери катышып, заманбап чакырыктарга жана коркунучтарга каршы эл аралык жана аймактык коопсуздукту камсыз кылууга байланышкан маселелерди кеңири талкуулашты.

Камчыбек Ташиев Кыргыз Республикасы менен Тажикстандын ортосундагы чек ара маселелерин тынчтык жолу менен чечүү тажрыйбасы тууралуу баяндама жасап, трансулуттук коркунучтарга каршы күрөшүүдө эл аралык коомчулуктун күч-аракетин бириктирүүнүн маанилүүлүгүн белгиледи.

Форумдун алкагында УКМК Төрагасы менен башка мамлекеттердин күч түзүмдөрүнүн жетекчилеринин ортосунда бир катар эки тараптуу жолугушуулар болду. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө дос мамлекеттердин чалгындоо кызматтарынын ортосунда ыкчам өз ара аракеттенүү, маалымат алмашуу жана өнөктөштүк мамилелерди чыңдоо маселелери талкууланып, тиешелүү кызматташуу келишимдерине кол коюлду.


"Эркин-Тоо" пресс

## БУЛ САНДА:




“КӨМҮРДҮН БААСЫ 1 ТОННАСЫ 2460 СОМ ӨЛЧӨМҮНДӨ БЕЛГИЛЕНДИ”

2-бетте




“КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ КАЙДЫГЕР МАМИЛЕ БОЛУП КЕЛГЕН”

3-бетте



МАШЫГУУГА 500гө ЖАКЫН АСКЕРДИК ЖАНА АТАЙЫН ТЕХНИКА ТАРТЫЛДЫ

16-бетте

ЭЛ ӨКҮЛҮ ЭМНЕ ДЕЙТ?

### Жогорку Кеңештин депутаты Сүйүнбек ӨМҮРЗАКОВ:

# “ПАРЛАМЕНТТИК ЖАРЫШКА КАТЫШАМ...”

*Ушул күндөрү аракеттеги парламенттин мөөнөтүнөн мурда тарай турганы, алтургай эл өкүлдөрү тарабынан кол топтоо жараяны башталганы коомчулукка желдей тарап жаткан чагы. Буйүр кызыткан мындай кептердин чын-бышыгын тактоо максатында бир катар депутаттарга суроо узатканыбыз менен көпчүлүгү биздин соболдорубузга сыпаланып, жооп берүүдөн баш тартышты. Андай катмардагылардан генерал Сүйүн Өмүрзаков айырмаланып, парламенттеги күбүр-шыбыр кептерге ачык жообун узатты.*

**- Сүйүн Абдылдаевич, парламенттеги кесиптештериңиз өздөрүн-өздөрү мөөнөтүнөн мурда таркап кетүү боюнча кол топтоо жатышканы маалым болду. Мындай “саамалыктан” четте калбай, сиз дагы кол коюу өнөктүгүн колдоп бердиңизби?..**

- Ооба, соңку күндөрү эл арасында “Жогорку Кеңеш мөөнөтүнөн мурда тарайт” деген имиштер жүрүп жатат. Депутаттардын эс алуудан кайтып келиши менен мындай сөздөр коомчулукта дагы да көбүрөөк талкуу боло баштады. Өзүңүздөргө белгилүү болгондой, июнь айында



Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган шайлоо мыйзамдарына киргизилген жаңы өзгөртүүлөр парламенттин тарашы тууралуу имиш кептерге негиз болду деп ойлойм. Анда шайлоо мыйзамдары жаңыланып, кийинки парламенттик шайлоо жаңы эрежелер менен өтө турганы белгиленген. Мындан тышкары, келерки жылы чет элдик мамлекет башчылары катышкан бир катар эл аралык маанидеги чоң саясий иш-чаралар менен катар парламенттик шайлоо өткөрүп, андан соң ага улай эле 2027-жылдын январь айында Президенттик шайлоо өтүшү керек экен. Мындай масштабдагы иш-чараларды удаа-удаа өткөрүүдө уюштуруу иштери, коопсуздукту камсыз кылуу жана башка маселелер көп ресурсту талап кылып, кээ бир тобокелчиликтер жаралышы мүмкүн. Ошол себептен, мамлекеттик кызматкер, көптөгөн жылдар бою укук коргоо органдарында кызмат кылган адам катары, эгерде мамлекеттин коопсуздугу, коомдогу стабилдүүлүк, элибиздин эртеңки келечеги үчүн керек болгон чечимдер болсо, ар бирибиз мамлекеттин, элдин кызыкчылыктарын жеке кызыкчылыктан жогору коюп, колдошубуз керек деп ойлойм. Ал эми Баш мыйзамдын 84-беренесинде жана Жогорку Кеңештин регламенти жөнүндө мыйзамдын 140-беренесинде дагы парламенттин өзүн-өзү таркатуу чечимин кабыл алышы мүмкүн болгон жагдайлары менен шарттары каралган. Парламенттин өзүн-өзү таркатуу тажрыйбасы жакынкы жана алыскы чет мамлекеттерде болуп эле жүргөн жагдай, эл аралык практикада да кездешип жүрөт. Ошондуктан бул мыйзам ченемдүү эле көрүнүш.

**- Эгерде демилге ишке ашса, Жогорку Кеңештин депутаттарынын өздөрүн-өздөрү таратканы “мезгилдин талабына жооп бере албай, мындан ары ишке жарабай калдык” деп моюнга алганы да, туурабы? Анда бул депутаттар кийинки шайлоого катышуу укугунан мыйзам чегинде ажыратылбаса дагы, кайра эл өкүлү болуп барууга моралдык жактан укуктары бар деп ойлойсузбу?..**

- Биринчиден, демилге ишке ашабы же ашпайбы? Бул маселе боюнча парламент көпчүлүк добуш менен чечим кабыл алат. Экинчиден, “мезгилдин талабына жооп бере албай калды” деген оюңузга мен кошула албайм. Анткени, ушул чакырылыштагы парламент мамлекетибиздин тарыхында кала турган чоң саясий-экономикалык мааниге ээ бир топ чечимдерди жана мыйзамдарды кабыл алды. Буга кезеги келгенде келечек муун, тарых өзүнүн татыктуу баасын берерине терең ишенем. Кесиптештеримдин арасында билимдүү, тажрыйбалуу жана элибиз үчүн кызмат кылууга мүмкүнчүлүгү кенен татыктуу адамдар көп. Алардын кийинки шайлоого катышууга жаран катары конституциялык дагы, моралдык дагы укуктары бар.

**- Алдыдагы парламенттик жарышка аттанасызбы? Же эл өкүлдүк вазыйпа сиз үчүн эмес бекен?**

- Эгерде кезексиз шайлоо болуп кала турган болсо, албетте, жарышка катышам. Төрт жыл аралыгында бир топ мыйзам долбоорлорунун үстүнөн иштедик. Алардын айрымдары ишке ашуу стадиясында болуп, аягына чыгарууга аракет көрүүдөбүз. Мындан тышкары шайлоочуларымдын суроо-талаптарын, тапшырмаларын аткаруу боюнча алдыда дагы пландарым көп.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

---

КАМЫЛГА



### «Кыргызкөмүр» ачык акционердик коомунун генералдык директору Кайрат МАМАТОВ:

# “КӨМҮРДҮН БААСЫ БЕКИТИЛДИ”

***Кылычын сууруп кыш жакындап келе жатат. Андыктан жылытуу мезгилин утурлай, элге эң эле керектүү болгон көмүр сатып алуу темасын козгоп, «кара алтындын» кору жана баасы тууралуу негизги суроолорубузду «Кыргызкөмүр» ачык акционердик коомунун генералдык директору Кайрат Маматовго узаттык.***

**- Кайрат мырза, ушул тапта «Кыргызкөмүр» ишканасында иш кызыган чыгар. Кышка камылга кандай жүрүп жатат?**

- Туура айтасыз, азыр 2025–2026-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдык көрүү тынымсыз ыргакта жүрүп жатат. Бул максатта Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан атайын токтом кабыл алынып, мамлекеттик жана социалдык мекемелерди, Бишкек ЖЭБин жана калкты көмүр отуну менен камсыз кылуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлүүдө. Ушул күндөрдө «Кара-Кече» кесиминде 5,1 млн кубометр көлөмүндө кыртыш тазалоо иштери аткарылууда. Бул жумуштарга жалпысынан 187 атайын техника тартылды. Жакында эле Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун онлайн катышуусунда Ош облусунда жайгашкан «Бешбурхан» жана «Кожо-Келен» көмүр кендери ишке берилген. Аталган ишканалар калкты көмүр менен жеткиликтүү деңгээлде камсыз кылууга олуттуу салым кошот деген жакшы тилектер бар. Кыскасы, камылга жакшы.

**- Калкты көмүр менен камсыздоо, жеткирүү жагы кандай болууда?**

- Быйылкы атайын пландык иш-чаралар так аткарылып жатат. Учурда «Кара-Кече» кесиминен социалдык жана бюджеттик мекемелер үчүн көмүр жүктөө иштери кызуу жүрүүдө. Бишкек ЖЭБине көмүр жеткирүү иштери да өз убагында жүрүп жатат.

**- Көмүрдүн баасы негизги маселелердин бири да, өзүңүз билесиз. Элге эң эле кызыгы ушул болсо керек. Эгер баа бекитилсе, канча сом деп бекитилди? Аны көзөмөлдөө мүмкүнбү?**

- Кыргыз Республикасынын Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы тарабынан көмүрдүн баасы расмий түрдө 1 тоннасына 2460 сом өлчөмүндө белгиленди. Негизинен, «Кыргызкөмүр» ачык акционердик коому көмүр өндүрүү тармагында гана иш алып барат. Башкача айтканда, биздин негизги милдет – керектүү көлөмдө көмүр өндүрүүнү жана аны үзгүлтүксүз камсыздоону уюштуруу. Ал эми көмүрдү керектөөчүлөргө жеткирүү, баасын көзөмөлдөө, сатуунун ачыктыгын камсыз кылуу сыяктуу иштер тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик кызматтар тарабынан аткарылууга тийиш. Ошого карабастан, бааны туруктуу кармоо жана калкка жеткиликтүү шарт түзүүдө кол куушуруп отурган жокпуз. Аймактарда атайын отун базалары уюштурулуп, бекитилген баада көмүр сатуу иштерин жүргүзүп жатабыз. Бул чаралар көмүрдүн ортомчулар аркылуу ашыкча кымбатташына жол бербөө үчүн жасалып жатат.

**- Казылып алынган көмүрдүн сапаты боюнча айтып бересиңиз? Анткени, кыш айларындагы ыш маселеси дал ушул көмүрдүн сапатына да байланыштуу болуп жаткандыгы айтылып жүрөт.**

- Көмүрдүн майда фракциясын Чүй облусунун жана Бишкек шаарынын аймагына киргизүүнү чектөөнү колго алдык. Заманбап көмүр иргөөчү шаймандарды сатып алып жатабыз. Бул жабдуулар көмүрдү фракциялык курамына караша иргеп, майда бөлүгүн өзүнчө бөлүп алууга мүмкүндүк берет. Майда фракциядагы көмүр Бишкек шаарындагы Жылуулук электр борборуна (ЖЭБ) жүктөлүп, андан ары борборлоштурулган тартипте колдонулат. Келечекте «бул технологияны өлкөнүн бардык региондоруна киргизип, көмүрдү алдын ала иргөөдөн өткөрүп, сапаттуу фракцияны гана керектөөчүлөргө жеткирели деп турабыз.

**- Сиздер көмүр базарынын канча пайызын ээлейсиздер? Канча кен «Кыргызкөмүргө» тиешелүү?**

- Учурда «Кыргызкөмүр» ачык акционердик коомунун карамагында иштетүүгө берилген 13 лицензия, геологиялык чалгындоо иштерине берилген 8 лицензия бар. Бул лицензиялар боюнча жалпы көмүр запасынын көлөмү 618 миллион тоннаны түзөт. Андыктан, жылдан жылга «Кыргызкөмүр» ААК көмүр өндүрүү тармагында жаңы ишканаларды ишке киргизүү аркылуу өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип келет. Мурда компаниянын өндүрүшү негизинен жалгыз «Кара-Кече» көмүр кенине таянса, акыркы эки жыл аралыгында кошумча төрт жаңы ишкана ишке берилди. Мындан тышкары, үстүбүздөгү жылдын аягына чейин дагы үч жаңы ишкананы ачууну пландап жатабыз.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО
№72 (3728)
2025-жылдын 23-сентябры


МААРАКЕЛИК МАЕК



И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын кыргыз тили кафедрасынын башчысы

## Элмира АБДЫРАСУЛОВА:

# “ТИЛИБИЗДИН КЕЛЕЧЕГИ МЫЙЗАМ КАБЫЛ АЛУУ МЕНЕН ГАНА ЧЕЧИЛБЕЙТ”

***Быйыл кыргыз тилинин мыйзам менен макам алганына 36 жылга аяк басып, 23-сентябрда мааракелик дата белгиленгени турат. Ар жылы дал ушул датаны утурлай кыргыз тилине карата курулай кургак ураандар менен добулбасты кагып, эстейбиз. Бирок, мааракеден тыш убакта анчейин көңүлгө албай келебиз. Биз бул сапар дал ушул көйгөй тууралуу илимдин кандидаты, доцент Элмира Кыдырмаевна менен кеңири маанайда баарлаштык.***

**– Элмира Кыдырмаевна, кайпактатпай, кептин түз маанисинде айтканда азыркы билик келгени мамлекеттик тилди башкаруу тутумунда, колдонуу чөйрөсүндө чечкиндүү кадамдар саясий чечим болгондон бери “муз ордунан жылгансыды”. Мындай шартта медициналык терминдерди кыргызчага которуу жаатында абал кандай?**

– Кыргызстанда медициналык терминдерди кыргызчага которуу маселеси бир топ жылдан бери көтөрүлүп келет. Өкмөт тарабынан мамлекеттик тилди өнүктүрүү программаларында медициналык терминологияны кыргызчага ылайыкташтыруу багыты каралганы менен толук иш жүзүнө ашпай жатат. Биринчиден, медициналык терминдердин көпчүлүгү грек, латын тилдеринен киргендиктен, кыргызчага толук, туура которууда кээде илимий тактыгын, маанисин жоготуп коюшу мүмкүн. Экинчиден, ар кайсы окуу жайлар, мекемелер ар башкача которуп колдонгон учурлар бар. Бул болсо бирдиктүү системанын жоктугун көрсөтөт. Үчүнчүдөн, медиктердин көбү илимий багыттагы материалдардын орус жана англис тилдериндеги түп нускасын колдонууну ыңгайлуу көрүшөт. Мындай көрүнүштөргө карабастан биздин окуу жайда алгылыктуу иштер жүрүп жатат. Билим берүүнүн жүрүшүн жеңилдетүү жана илимий-тажрыйбалык ишмердүүлүктү өркүндөтүү максатында маанилүү терминологиялык сөздүк даярдалды. Буюрса, жакын арада жарыкка чыканы турат. Бул сөздүк студенттерге, окутуучуларга жана аспирант-изденүүчүлөргө зарыл болгон түшүнүктөрдү так жана бирдиктүү колдонууга көмөк көрсөтөт деп ишенебиз.

**– Бир курдай “Ж.Баласагын атындагы КУУда кыргыз группаларда да орусча сабак өтүлөт” - деп студенттер Жогорку Кеңешке чейин келип кайрылган жайы бар. Андагы иштеген мугалимдер “кыргызча лекция окуганга караганда орусча жеңил” деп кып-кыргыз группаларга сабактар орусча өтүлүп, азыр деле ал көрүнүштүн аягы тыйылбаганынан кабардармын. "Улуттук" деген статустагы жогорку окуу жай ушинтип жатса Медакадемиядагы абалда бир эсептен элестетиштен да кооптоносуң. “Ак халатчандардын” академиясында деги кыргыз группалар барбы?**

– Медициналык окуу жайларда кыргыз тайпаларынын ачылышы - бул эне тилди өнүктүрүү, жаштардын кесиптик билимин мамлекеттик тил менен айкалыштырып алуу багытындагы маанилүү кадам. Биздин окуу жайда билим берүү кыргыз тайпаларында да жүргүзүлүп, студенттер сабактарды мамлекеттик тилде өздөштүрүшөт. Бирок, кыргыз тайпаларында билим алып жаткан айрым студенттер курс жогорулаган сайын билим деңгээлин көтөрүү, илимий адабияттарды терең түшүнүү жана келечекте адистикке байланыштуу маалыматтарды эркин өздөштүрүү максатында орус тайпаларга которулуп кетишет.

**– Азыр дүйнө көп тил билүүнү талап кылган учурдагыдай абалда, Медициналык академиядагы окуусунун жүрүшү бир нече чет тилдерде, өзгөчө басымдуусу англис тилинде окутулуп жаткан шартта кыргыз тилине болгон талап канчалык деңгээлде актуалдуу деп ойлойсуз? Ал жакта эне тилибиз жөн гана “төө бастыга” калып кетпейби?**

– Бардык нерсе жетекчиден көз каранды да. Ал кандай чечим кабыл алса, ошол чечим бүтүндөй жамааттын иш-аракетине, алдыга жылышына түздөн-түз таасир этет. Биздин окуу жайда ректорубуз Индира Орозбаевна кыргыз тилине өзгөчө көңүл буруп келет. Башка окуу жайларга салыштырмалуу бизде кыргыз тили кафедрасы өз алдынча иш алып барганы маанилүү. Буга удаа мамлекеттик тилди өнүктүрүү сектору да өз алдынча иш алып барып, студенттер кыргыз же орус мектепти бүтүп келгенине карабай бардык 1-2-курстар кыргыз тилин окушат. Бул да болсо мамлекеттик тилдин кадыр-баркын жогорулатууга, жаш адистердин кесиптик ишинде кыргыз тилин эркин колдонууга жол ачат. Чет жерден келген студенттерибиз дагы кыргыз тилин окушат. Ар жылы кыргыз тилинин күнү белгиленет, атайын иш-чаралар өткөрүлөт. Биздин окуу жайда ар түрдүү улуттун өкүлдөрү эмгектенип, өлкөнүн саламаттыкты сактоо тармагына өз салымдарын кошуп келишет. Алардын ичинен кыргыз тилин билбеген окутуучулар жана кызматкерлер үчүн атайын шарттар түзүлгөн. Тактап айтканда, кыргыз тили кафедрасынын алдында кыргыз тилин үйрөтүүчү атайын курс ачылып, алар мамлекеттик тилди өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Бул курс аркылуу күнүмдүк иште, расмий документтерди толтурууда, студенттер менен түздөнтүз пикир алышууда кыргыз тилин колдонууга мүмкүнчүлүк алышат. Мындан тышкары, курс мамлекеттик тилди гана үйрөтпөстөн, кыргыз элинин тарыхы, маданияты жана каада-салтын да тааныштыруу максатын көздөйт. Бул өз кезегинде мекендештик духту бекемдөөгө, иш жамаатында биримдикти жана түшүнүүнү чыңдоого өбөлгө болот. Бул жагдай ректорубуз Индира Орозбаевнанын мамлекеттик тилдин тагдырына кайдыгер карабаган аракетинин жемиши экенин айгинелеп турат.

**– Менимче, чет өлкөлөрдөн Кыргызстанга окуу үчүн келишкен түрдүү улуттагы студенттердин көптүгү жагынан Медициналык академияга бир дагы окуу жай жетпесе керек. Айтыңызчы, окуу жайдагы ар улуттагы студенттердин арасынан бирөө-жарымысынын кыргыз тилин өздөштүрүүгө ынтызарлыгы билинеби? Дегеле кыргыз тилин өздөштүрүп, сүйлөйүн дегендери барбы?**

– Биздин медициналык окуу жайда дүйнөнүн ар кайсы бурчунан келген чет өлкөлүк студенттер билим алып, кыргыз тилин өздөштүрүп жатышат. Алар үчүн кыргыз тили атайын сабак катары киргизилип, күнүмдүк турмушта да колдоно билүүсүнө шарт түзүлүүдө. Бул кыргыз тилинин эл аралык деңгээлде жайылышына өбөлгө болсо, экинчиден, мамлекетибиздин маданий аброюн көтөрүүгө кызмат кылат. Эң өкүнүчтүүсү – коомдук жайларда, тейлөө тармагында, дүкөндөрдө, дарыканаларда, ар кандай кызмат көрсөтүүчү мекемелерде негизинен орус тили үстөмдүк кылып турганы. Кыргыз тилин үйрөнгөн студенттер аны турмушта колдонууга аракет кылганы менен аларды кыргызча тейлеген адамдар сейрек кездешет. Бул жагдай студенттердин кызыгуусун төмөндөтүп, кыргыз тилин практикалык жактан колдонууга тоскоолдук жаратып келет. Эгерде биз мамлекеттик тилдин чыныгы аброюн көтөрүп, аны коомдук турмуштун бардык тармагында жандуу колдонууга мүмкүнчүлүк түзбөсөк, анда кыргыз тили формалдуу гана окутулган, бирок, турмушта анча кереги жок тил бойдон калышы ыктымал.

Ошондуктан, мамлекеттик мекемелерден тартып жеке ишканаларга чейин ар бир кызмат көрсөтүүчү уюм кыргызча сүйлөө маданиятын өнүктүрүүгө өз салымын кошуусу абзел. Бул – чет элдик студенттер үчүн да, өз жергебиздин жаштары үчүн да кыргыз тилине болгон сый-урматты арттыруучу маанилүү кадам болмок. Бизде кыргыз тилин үйрөнүүгө кызыккан чет өлкөлүк студенттер арбын. Алардын арасында өзгөчө үлгү боло ала турган Випин аттуу студент. Ал Индиядан келип, биздин окуу жайда билим алды. Алгач келген күндөрү кыргыз тили ага бөтөн, түшүнүксүз болуп сезилгени менен талыкпай аракетенип, тилди үйрөнүүгө болгон ынтызарлыгы жана эмгекчилдиги менен кыргыз тилинде эркин сүйлөп калды. Випин окуусун ийгиликтүү аяктап, өз мекенине кайтып барды. Учурда ал кесибине жараша иштеп, медициналык тармакта элге кызмат кылып жатат. Бирок, биз менен болгон байланыш үзүлгөн жок. Экөөбүз телефон аркылуу дайыма кабарлашып турабыз. Эң кубанычтуусу– биз кыргыз тилинде гана сүйлөшөбүз. Бул анын кыргыз тилин канчалык терең өздөштүргөнүн гана көрсөтпөстөн, тилге болгон сый-урматын, сүйүүсүн да далилдеп турат. Випинге окшоп кыргыз тилин өздөштүрүп, кыргыз маданиятын сыйлаган жана аны менен сыймыктанган дагы башка студенттер бар. Алардын ийгилиги – биздин тил үйрөтүүдөгү эмгегибиздин жыйынтыгы гана эмес, кыргыз тилинин дүйнөгө таасирдүү тил боло ала тургандыгынын да айкын далили болуп эсептелет.

**– Өлкөбүздүн коргонуу, коопсуздук жана жалпы эле күч түзүмдөрүндө кыргыз тилин колдонуу, иш кагаздарын кыргызчалатуу 10 жыл мурун эле жолго коюлган. Бул жаатта башка министрликтер моюн толгоп, “зарылчылык болбосо расмий тилде боло берет” деп тилибизге карата “тоң моюндук” мамиле кылып келишкен. Бул жагынан буюрса мыйзам кабыл алынды. Эми тилибизге карата милдеттүү талап аткарылат деп ойлойсузбу?**

– Сиз койгон суроо абдан орчундуу. Чынында кыргыз тилине карата көп жылдар бою кайдыгерлик, “тоң моюндук” мамиле болуп келгенин баарыбыз көрүп-билип турабыз. Азыр мыйзам кабыл алынганы — чоң жетишкендик. Бирок, мыйзамдын кабыл алынышы гана жетиштүү эмес. Эң негизгиси анын аткарылышы, көзөмөлү жана жоопкерчиликтин болушу. Эгер мамлекеттик органдар, коомчулук жана жарандар бул мыйзамды чын дилинен колдоп, талапты аткарууга аракет кылышса, анда кыргыз тилин колдонуу чөйрөсү кеңейет. Бирок, мыйзам кагаз жүзүндө гана калып, иш жүзүндө көзөмөл болбосо, тилдин абалы өзгөрүүсүз калышы да мүмкүн. Ошондуктан, тилдин келечеги мыйзамга эмес, аны ишке ашырууга болгон биздин мамилебизге, аракетибизге түздөн-түз байланыштуу деп ойлойм.

**– Илимдин адамы катары реалдуу жагдайдагы сын-пикирлериңизге удаа көрөңгөлүү кыргыз тилибиздин келечегине карай кандай сунуштарды жолдоор элеңиз?..**

– Бүгүн кыргыз тилинин абалында бир катар карама-каршылыктар бар. Бир жагынан мыйзамдар кабыл алынып, мамлекеттик тилдин макамы чыңдала баштаганы менен коомдук турмуштун бардык тармактарында тил толук кандуу колдонулбай жатканын көрүп турабыз. Тил маселесинде эң чоң көйгөй – талаптын аткарылышы боюнча көзөмөлдүн жетишсиздиги жана тилди үйрөнүүгө болгон коомдук мотивациянын төмөндүгү. Кыскача сунушум катары, мыйзамдык талаптын ишке ашуусун күчөтүү, мамлекеттик тилди билүү жана колдонуу ар бир жаран үчүн милдетке айланышы керек. Бул талап административдик чара менен гана эмес, кеңири түшүндүрүү, агартуу иштеринин негизинде жүргүзүлүшү зарыл. Сапаттуу окуу, усулдук базаны түзүү мектептен баштап ЖОЖдорго чейин кыргыз тилин заманбап ыкмалар менен окутуу, тил үйрөнүүнү кызыктуу жана натыйжалуу кылуу абзел. Терминологияны өнүктүрүү – илимде, медицинада, технологияда кыргыз тилинде толук кандуу сүйлөө үчүн татаал түшүнүктөрдү туура жана так которуу маанилүү. Медиа жана санариптик чөйрөнү толтуруу – кыргыз тилиндеги сапаттуу китептерди, кинолорду, мультфильмдерди, интернет контентин көбөйтүү аркылуу тилди жаштардын күнүмдүк керектөөсүнө айлантуу зарыл. Коомдук аң-сезимди өзгөртүү – кыргыз тилин билүү патриоттук парз гана эмес, кесиптик ийгиликтин да негизги шарты экенин коомчулукка сездирүү керек. Демек, кыргыз тилинин келечеги мыйзам кабыл алуу менен гана чечилбейт. Чыныгы өзгөрүү ар бир жарандын, айрыкча жаш муундардын кыргыз тилине болгон сый-урматы менен тыгыз байланышта. Эгер бул сунуштар иш жүзүндө аткарылса, анда кыргыз тилин өнүктүрүү багытындагы иш-аракеттер натыйжалуу болот деп ишенем.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

УЧУРДУН МАСЕЛЕСИ

# МЕДИЦИНАДА КЫРГЫЗ ТИЛИН КОЛДОНУУДАГЫ ТОГУЗ ТОСКООЛДУК




Белгилүү болгондой, Кыргыз эл санжырасына (Төлөк Төрөкан уулу, 2018), археологиялык казылмаларга жана палеогенетикалык изилдөөлөргө (К.Чороев, 2020) таянсак, азыркы кыргыз эли Евразия континентиндеги кеминде 7000 жылдык көөнөргүс тарыхы бар байыркы, баатыр, асыл жана нур элинин тикелей урпактары экендиги талашсыз чындык.

Кыргыз тилинин колдонууну шарттуу түрдө 3 мезгилге бөлсө болот. Биринчи – Улуу Октябрь революциясына чейинки мезгил, экинчи – Советтик мезгил, үчүнчү – Эгемендик мезгил. Улуу Октябрь революциясына чейин кыргыздын салттуу элдик медицинасынын өкүлдөрү: кылтабиптар, табиптар, тамырчылар, түкүрчүлөр, аначылар, арбоочулар, сыныкчылар, куучулар, эмчилер, домчулар, демчилер, дарычылар, дарыгерлер, дабагерлер, бүбүлөр, дубана-бакшылар, молдолор, сопулар, калпалар жана эшендер бейтаптарга кайрылганда кыргыз тилин колдонушкан.

Совет мезгилинде медицина тармагында кыргыз тили колдонулбай калды.

Эгемендик мезгилде кыргыз тили медицина тармагында акырындап колдонула баштады, бирок талаптагыдай эмес.

Атам замандан бери кыргыз эли эне тилин аздектеген, ага өзгөчө аяр мамиле кылган. Жаш жеткинчектеринин келечекте эл багаар, мал багаар же жан багаар болоорун анын тилинен, сүйлөгөн сөзүнөн эле баамдап коюшкан.

«Кыргыз Республикасында 2023–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын бекитүү жөнүндө» «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы №510 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомун (07.02.2022, №67);

Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги (КМШ) өлкөлөрүнүн Мамлекеттер аралык медициналык терминологиялык эксперттик жумушчу тобунун (м.а.- Жумушчу топ) сунушун "Медицина тармагында Мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү түзүмдөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын (м.а.-Улуттук комиссия) жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин (м.а.-КР ССМнын) биргелешкен буйругун (01.03.2022, №12; 11.03.2022, №302) Кыргыз Республикасынын медицина, фармация, ветмедицина, медициналык билим берүү жана илим жаатында, медициналык кызмат көрсөтүүчү министрликтерде, комитеттерде, агенттиктерде жана ведомстволордо (м.а. - медицина тармагы) менчиктин формаларына жана ведомстволук таандыктарына карабастан кыргыз тилин кеңири колдонуу мезгилдин кечиктирилгис талабы.

Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем-дүйнөлүк бийиктик" Уңгужолунда "Кыргыз тили корголууга муктаж эмес, колдонулууга гана муктаж. Эне тилди коргоонун жана өнүктүрүүнүн жападан жалгыз жолу – аны турмуштун бардык тармактарында кеңири колдонуу болуп саналат" дейт.

Бирок, жогоруда аталган ченемдик укуктук актыларды Кыргызстандын медицина тармагында ишке ашырууга тоскоол-проблемалар арбын. Алар төмөнкүлөр:

1.) тоскоол-проблема – максатка багытталган, акылга ийленген, жогорку орган – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын (м.а.-Улуттук комиссия) алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору (м.а.-ТЕРМИНБОР) менен макулдашылып бекитилген, атайын программанын же долбоордун жоктугу;

2.) тоскоол-проблема – иш-чараларды аткарууга тикелей көмөктөшүүчү түзүмдөрдүн жана бирдиктүү тутумдун түзүлбөгөндүгү;

3.) тоскоол-проблема – аткарылган алгылыктуу иштер улам үзгүлтүккө учурап улантылбагандыгы;

4.) тоскоол-проблема – бюджеттен медицина тармагына кыргыз тилин колдонууга максаттуу каражат бөлүнбөгөндүгү – каржынын тартыштыгы;

5.) тоскоол-проблема – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (28.12.2004, №958) одоно бузулуп, штаттык ыраатталмалардан мамлекеттик тил жана кыргыз тил котормочу адистеринин жүйөлүү себептерсиз эле кыскартылгандыгы;

6.) тоскоол-проблема – жеке жоопкер, көзөмөл органдын бекитилбегени;

7.) тоскоол-проблема – республикалык (үчүнчү) деңгээлден баштапкы (биринчи) медициналык мекеме – уюм-ишканаларга чейин тикелей байланыштын дээрлик үзүлгөнү;

8.) тоскоол-проблема – медицина тармагынын жетекчилеринин мамлекеттик (кыргыз) тилди өнүктүрүүгө жана тил саясатын өркүндөтүүгө багытталган ченемдик укуктук актыларды талаптагыдай аткарбагандыктары, же жөн эле аткарымыш болгондуктары;

9.) тоскоол-проблема – жогоруда аталган ченемдик укуктук актыларды аткарбаган, кайдыгер жетекчилерге «КР Мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 35-беренесине таянып: «Ушул Мыйзамды бузгандыгы жана аткарбагандыгы үчүн мамлекеттик органдардын, менчиктин бардык формаларынын жетекчилерин, ошондой эле юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде жоопкерчиликке тартылышат» дегени аткарылбаганы. Ушул кезге чейин медицина тармагынын бир дагы жетекчисине Мамлекеттик тилди аткарбаганы үчүн, чара көрүлбөгөнү, жоопкерчиликке тартылмак турсун эскертүү да албаганы, эң башкы тоскоол – проблема экенин турмуш ашкере кылды.

Ошентип, жазасыздык акыры келип, мыйзамсыздыкка түртөөрү анык болду!



**Мейманжан ЖЭЭНАЛИЕВ,**
**Улуттук комиссиянын төрагасынын медицина боюнча кеңешчиси, доктур, лингвист-терминолог, котормочу жана манастаануучу**

ЭНЕ ТИЛИН БИЛҮҮ – УЛУТУН СЫЙЛОО

# КЫРГЫЗ ТИЛИБИЗ НЕГЕ ӨГӨЙЛӨНӨТ?




Мамлекетибиз Эгемендүүлүктү алганына 35, кыргыз тили боюнча мыйзамынын чыкканына 36 жылдын жүзү болуп калды. Деген менен, дүйнө жүзүндөгү өлкөлөрдүн арасында толук кандуу улут деп белгиленип турса да, ал сүйлөгөн "кыргыз тили" дагы деле улуттун жүзү катары бааланбай, баркталбай келатканы өкүндүрөт. Эгемендүүлүгүбүздүн титулу катары белгиленген бул – кыргыздын кыргыз тили эмеспи? Эне тилибизди өзүбүз өгөйлөп турсак, анда тилибиздин бөтөн кимге кереги бар да, кимге кызык? Качан биз улуттук тилди көтөрмөлөп, качан биз аны чанбай, жээрибей толук колдонуп сүйлөшөбүз? Бүгүнкү күндө кептин баары ушунда турат...


Кыргызды кыргыз кылып сактап келаткан маданияты, каада-салты, руханий дүйнөсү жана албетте анын мамлекеттик тили болуп эсептелет. Тоталитардык делген Советтер Союзу тушунан бери анын "сызган сызыгында" кыйшайбай, орток тил делинип колдонулган орус тилинин "көлөкөсүндө" азыр деле бетибизди "чулгоодобуз". Ушул тапта "улуттун жүзү – кыргыз тили, тилсиз эл болбойт" дегенди биз тоготуп койбогонубуз өкүндүрөт. Өгөйлөнгөн эне тилим бүгүн деле томсорот. Сөзүм куру болбош үчүн бирин-экин мисал келтире кетпесем болбос. Акыркы 20 жылдан бери биз, көпчүлүк кыргыздар "цивилизациялуу агымга кошулабыз, маданияттуу уул-кыздарды тарбиялайбыз, акылдуу балдарды өстүрөбүз" деп, айрыкча шаарда жашагандар балдарын орус тилдүү мектептерге окутушат. Муну мен өзүм айылда жашап, шаарга каттап иштегендигимден, автотранспортто жонуна асынган баштыгын илип алып, шаардагы орус мектептерине бараткан окуучулардан билемин. Ошол мектептердеги орус класстарында окушса эле акылдуу да, билимдүү да болуп өсүшөт деген түшүнүктү карманып келгенибиз калп эмес. Алар бара-бара өз эне тилин унутаарын аңдабайбыз. Бул маселе дээрлик 40 жылдан бери козголуп келе жаткан маселе. Кимде күнөө? Чоңдордо бүт күнөө! Бул көйгөйгө ата-энелер баарыбыз кайдыгербиз. Мамлекетибиз болсо идеологиялык программаларынын алкагында эне тилди сактоо, өстүрүп-өнүктүрүү тууралуу көптөгөн иштерди алып барууда. Деген менен, анын жыйынтыктары учурда көңүл кубантпайт.

Орус класска берип баласын, ал жердеги чөйрөдөгү доскурбулары менен дагы деле көп колдонулуучу делген чет тилде, (кандайдыр бир, алардын түшүнүгүндөгү "элиталык тилде") орус тилинде сүйлөөсүнө, маектешүүсүнө, дурус билгендерине маашыр болуп, кубанганыбыз да кашайган чындык. А неге биз кытай, корей, япон тилдерине кызыктырбай келебиз? Эл аралык алака жаатында кызматташуулар күчөп жаткан чакта бул тилдерди да орус тилиндей сүйлөсө жакшы болмок, аталган өлкөлөрдүн жарандары менен алардын эне тилинде эркин сүйлөшө билсек кана? Неге биз улуттук маданий, каада-салт делинген узчеберчиликке, комузга, Манас айтуучулукка кызыктырып, балдарыбызды жаштайынан ал жайларга көп бербейбиз? Аталган ийримдерге катышкан бала кыргыз үнүн, жүзүн таанып-билип, өз тилинде сүйлөшүүлөргө кызыгып баштаар беле, балким? Баланы кичинесинен тарта кайсыл тилге басым жасатып окутуп, үйрөтүп келсек, ал сөзсүз ошону менен кетээри бышык. Муну илимий далилдер жана көптөгөн тажрыйбалар көрсөтүп турат. Мен муну менен орус тилинде сүйлөбөгүлө деп, аны четке кагайын деген түк оюм жок. Ооба, орус тилин билүү – заман талабы. Бул тилсиз биз эч бир жакка чыга албайбыз. Ал билимге, маалыматка жана дүйнөлүк байланыштарга жол ачат. Бирок бул – эне тилди унут деген сөз эмес го. Тескерисинче, балдарыбыз эң биринчи кыргыз тилин жетик үйрөнүшү керек, андан соң башка тилдерде да мыкты сүйлөшүү зарыл. Эне тил – биринчи орунда болушу шарт.

Бүгүнкү күндө көпчүлүк жаштардын жогоруда айткандай орус тилинде сүйлөп, кыргыз тилине кайдыгер мамиле кылып жатышкандыгы жаныңды кейитет. Бул өтө кооптуу көрүнүш. Себеби, эне тил – улуттун жүзү, аны билбей, сактабасаң, улут катары сакталып калуу мүмкүн эмес. Эне тилди билүү – өзүн таануу, улутун сыйлоо, тарыхын түшүнүү. Ата-энелер, мугалимдер, коом – баары кыргыз тилин биринчи орунга коюуга милдеттүү.

Тилибизди басмырлаганыбыз аз келгенсип, "ааламдашуу доорунун айлампасынан четте калабызбы" дегендей, биз европалык, арап-персиялык тилдерден "учуп" келген сөздөрдү колдонуп баштаганыбызга бир топ жылдын жүзү болду. Кандайдыр бир жаңылык катары кабыл алынып, ошол сөздөрдү кошуп сүйлөсөк, өзүбүздү маданияттуу сезгендейбиз."Воркаут", "хеппи-энд", "сторис", "аутсорсинг" ж.б. сөздөр сиңип баратат. Бул "келгин" сөздөр даана эле кыргыз тилибизди басмырлоодо. Ата-бабалар сүйлөгөн, канжаныбыз менен бир бүткөн кыргыз улуттук тилибиз жоголуу жолунда бараткан жокпу, маани берип көрбөйлүбү? Улуттук кыргыз тилибиз качанга чейин өгөйлөнөт?

Эгерде, дагы ушинтип 5-10 жыл ар кайсы чет тилдерден "ооп" келген сөздөрдү колдоно берсек, эртең бизде кыргызча чала сүйлөгөн, же такыр эле сүйлөбөгөн, аны колдонгусу келбей, тилибизди "кашаанын сыртына" тээп салган муунду даярдап койгон болобуз. Ар бир үй-бүлө – бул кичинекей мамлекет, а алар биригип, бир бүтүн чоң мамлекет экендиги талашсыз. Демек, ар бир үй-бүлө үйүндө эне тилде сүйлөшүп, ага басым жасашса, кыргыз тилибизди сактоого жакшы кадам таштаган болоор эле дегим келет.



Кыргыз тилин билбей туруп, кыргыз болуп жашоо мүмкүн эмес. Эне тилди сүйөлү, үйрөнөлү, жашоонун бардык тармагында колдонолу. Ата-бабабыз калтырган эне тилибизди ыйык мурас катары сактап, өркүндөтүп өстүрө берели.

**Кайрат ИСКЕНДЕРОВ,**
**публицист, Сузак району**

## КЕЗЕКТЕГИ IV ЭЛДИК КУРУЛТАЙДЫ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Элдик бийликтин негиздерин бекемдөө, жарандык коомду консолидациялоо, улуттук аң-сезимди өнүктүрүү, региондук көйгөйлөрдү чечүү жана өлкөнү туруктуу өнүктүрүү максатында, "Элдик Курултай жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 11-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Бишкек шаарында кезектеги IV Элдик Курултайды (мындан ары – Элдик Курултай) өткөрүү 2025-жылдын 22-декабрына дайындалсын.

**2.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Элдик Курултайдын 700 (жети жүз) делегатынын квоталарга бөлүнүшү 1-тиркемеге ылайык;

2) Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана координациялоо боюнча уюштуруу комитети жөнүндө убактылуу жобо 2-тиркемеге ылайык;

3) Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин курамы 3-тиркемеге ылайык.

**3.** Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби Улуттук Кеңеш тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген жобонун негизинде аныкталат.

**4.** Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана координациялоо боюнча уюштуруу комитети:

1) "Элдик Курултай жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык делегаттарды шайлоону координациялоо боюнча тиешелүү ишти жүргүзсүн;

2) Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана координациялоо боюнча уюштуруу комитети жөнүндө убактылуу жободон келип чыгуучу чечимдерди кабыл алсын, ошондой эле Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча башка зарыл болгон чараларды көрсүн;

3) өзүнүн ишине мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн жана эксперттерди белгиленген тартипте тартсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы менен биргеликте ушул Жарлыктан келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрсүн.

**6.** Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону өткөрүүнү уюштуруу Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана координациялоо боюнча уюштуруу комитетине, Элдик Курултайдын катчылыгына, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигине, ошондой эле Кыргызстан элинин ассамблеясына (макулдашуу боюнча) тапшырылсын.

**7.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги жер-жерлерде делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү мезгилинде коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоону камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн.

**8.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы №271 "Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгы күчүн жоготту деп таанылсын.

**9.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын уюштуруу иштери жана аймактар менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

**10.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти С. ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-сентябры, №270***

## УКАЗ

### ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О ПРОВЕДЕНИИ ОЧЕРЕДНОГО IV НАРОДНОГО КУРУЛТАЯ

В целях укрепления основ народной власти, консолидации гражданского общества, развития национального самосознания, решения региональных проблем и устойчивого развития страны, в соответствии со статьями 3, 11 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Народном Курултае», статьями 70, 71 Конституции Кыргызской Республики постановляю:

**1.** Назначить проведение очередного IV Народного Курултая (далее – Народный Курултай) в городе Бишкек на 22 декабря 2025 года.

**2.** Утвердить:

1) распределение квот 700 (семьсот) делегатов Народного Курултая согласно приложению 1;

2) Временное положение об организационном комитете по проведению, выборам и координации делегатов Народного Курултая согласно приложению 2;

3) состав организационного комитета по проведению, выборам и координации делегатов Народного Курултая согласно приложению 3.

**3.** Порядок избрания делегатов Народного Курултая определяется на основе положения, разработанного и утвержденного Национальным Советом.

**4.** Организационному комитету по проведению, выборам и координации делегатов Народного Курултая:

1) провести соответствующую работу по координации выборов делегатов в соответствии с конституционным Законом Кыргызской Республики «О Народном Курултае»;

2) принять решения, вытекающие из Временного положения об организационном комитете по проведению, выборам и координации делегатов Народного Курултая, а также другие необходимые меры по организации и проведению Народного Курултая;

3) привлекать в установленном порядке к своей деятельности представителей государственных органов, органов местного самоуправления и экспертов.

**5.** Кабинету Министров Кыргызской Республики совместно с Управлением делами Президента Кыргызской Республики принять соответствующие меры, вытекающие из настоящего Указа.

**6.** Организацию проведения выборов делегатов Народного Курултая поручить организационному комитету по проведению, выборам и координации делегатов Народного Курултая, секретариату Народного Курултая, полномочным представителям Президента Кыргызской Республики в областях, местным государственным администрациям, органам местного самоуправления, Министерству иностранных дел Кыргызской Республики, Министерству труда, социального обеспечения и миграции Кыргызской Республики, Министерству культуры, информации и молодежной политики Кыргызской Республики, а также Ассамблее народа Кыргызстана (по согласованию).

**7.** Министерству внутренних дел Кыргызской Республики принять меры по обеспечению охраны общественного порядка и безопасности в период организации и проведения выборов делегатов на местах.

**8.** Признать утратившим силу Указ Президента Кыргызской Республики «О проведении очередного III Народного Курултая» от 20 сентября 2024 года № 271.

**9.** Контроль за исполнением настоящего Указа возложить на отдел организационной работы и взаимодействия с регионами управления по подготовке решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

**10.** Настоящий Указ вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 22 сентября 2025 года, №270***



ӨМҮР МАЙРАМЫ

## АК ЖАРЫК НУР – 60тын АШУУСУ

Кубанычбек Көкүевич Мамбетаипов иним 1965-жылы 30-сентябрда Токтогул районунун Кызыл-Өзгөрүш айылында жарык дүйнөгө келген. Өзү дагы туулган жерине, өлкөсүнө эмгеги менен жарык чачкан жигит. Быйыл 60 деген ашуунун кырына келип турган учуру. Каржы министрлигинин Салык полициясынын департаментинде улук оперуполномочен, Финполициянын Жайыл, Панфилов райондорунда начальник, Чүй, Талас облустарында коррупция менен күрөшүү боюнча экинчи бөлүмдүн жетекчиси, Бишкек шаарында, Ысык-Көл облусунда бир топ жыл эмгектенген. Депутаттын кеңешчи кызматын аткарган. Бардык жерде мыкты эмгектенип, өлкөбүздүн өсүшүнө салым кошкон атуул экенин мезгил өзү айтып турат.

*Билим алган КМУдан эки жолу,*
*Экономист-бухгалтер, юрист анан.*
*Отличниги Минфиндин эң бир мыкты,*
*Эмгегинен жакшылык уюп калган.*

*"Күжүрмөн" да, "Адилет", "Кайрат" деген,*
*Төш белгинин үч ирет даражасын*
*алган эле. Көкөлөп мейкиндикте,*
*Ийгиликтин жылдырып арабасын.*


*Жайыл жана Панфилов райондо,*
*Начальниги Финполдун ишин сүйгөн.*
*Чүй–Таласта бажынын кызматкери,*
*Жетекчилик максатын жакшы билген.*

*Уул-кыздары Бактыгүл, Кубат, анан,*
*татынакай эгиздер – Апал, Үсөн.*
*Алар чыны, Алланын зор белеги,*
*Жадыраган мейкинден, көктөн түшкөн.*

*Ушундай бир перзенттер тартуулаган,*
*Динарага таазим эт, Кубан иним.*
*Оо, бар анда, тазалык-тунуктугу,*
*Жетигендин мөлтүр-көк булагынын.*

*Асмандагы жайнаган жылдыздардай,*
*Ача берсин бул турмуш көркүңөрдү.*
*Көп небере ээрчиткен артыңардан,*
*Алтымыш жаш кут болсун Мейкиндеги!*

**Айылдагы ага-инилеринин атынан**
**Карбалас БАКИРОВ, КР эл акыны**



МАЙДА, БИРОК МААНИЛҮҮ


### КУРУЛУШ ТАРМАГЫНДА ӨСҮШ



Кыргызстанда быйыл курулуш тармагында өсүш 42%, өнөр жайдагы өсүү 10%ды түздү. Бул тууралуу Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев билдирди. Анын айтымында, акыркы үч жылдын жыйынтыгы боюнча ИДП ар бир жылы 9%дан төмөн эмес ыргакта өсүүдө. 2025-жылы экономиканын ар бир айдагы өсүшү 11,5%ды түздү. Мындай өсүштөр жыл аягына чейин 134 өнөр жай объекттерин ачууга шарт түзгөн.

### ЖАШЫЛЧА-ЖЕМИШ ЖАНА ТООК АЗЫКТАРЫНА...

Ушул жылдын жети айында Кыргызстан республикадагы негизги тогуз азык-түлүктүн алты түрү менен ички рынокту камсыздай алды. Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинен билдиришкендей, учурда картошка, сүт азыктары, жашылча-жемиш жана тоок азыктарына муктаждык толук жабылган. Ошол эле учурда эт боюнча өзүн-өзү камсыздоо деңгээли болжол менен 80%ды түзөт. Ал эми сырттан мөмө-жемиштер, жумуртка, өсүмдүк майы жана кант ташылып келинет.




### 17000ден АШЫК ТАКСИ КЫЗМАТ КӨРСӨТӨТ

Кыргызстанда электрондук кызмат көрсөтүүчү «Яндекс Go» сервиси айдоочуларды иш менен камсыздоону активдүү түрдө улантып келе жатат. Бул сервис аркылуу иштеп, такси кызматын көрсөткөндөрдүн саны артып, күнүнө өлкө боюнча 17000ден ашык такси ишке чыгууда. Бул тууралуу сервистин аймактык менеджери, «Яндекс Кыргызстан» компаниясынын жетекчиси Тилек Сулайманов маалымат каражаттарынын өкүлдөрү менен жолугушуу учурунда билдирди. Анын айтымында, акыркы жылдары такси кызматын көрсөткөндөрдүн арасына майыптыгы бар жарандар да кошула баштаган. Алар үчүн «Яндекс Go» тиркемесинде атайын ыңгайлуулуктар түзүлгөн. Учурда «Яндекс Кыргызстан» компаниясында кулагы начар уккан 50 жаран иш менен камсыздалган. Алар такси кызматын такай көрсөтүп, үй-бүлө багышат. Тилек Сулайманов иш менен камсыздалгандардын арасында жалгыз бой энелер, аталар да бар экендигин билдирди. Социалдык жактан аялуу катмарды иш менен камсыздоодо, бардык мүмкүнчүлүктөр жана шарттар каралган.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## 1982-ЖЫЛДЫН 10-ДЕКАБРЫНДА МОНТЕГО-БЭЙДЕ КАБЫЛ АЛЫНГАН БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН ДЕҢИЗ УКУГУ БОЮНЧА КОНВЕНЦИЯСЫНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОШУЛУУСУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 18-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
1982-жылдын 10-декабрында Монтего-Бэйде кабыл алынган Бириккен Улуттар Уюмунун Деңиз укугу боюнча конвенциясына кошулсун.

**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Конвенцияга кошулуу жөнүндө грамотаны депозитарий болуп саналган Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына депонирлесин.

**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-сентябры, №201***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ПРИСОЕДИНЕНИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ К КОНВЕНЦИИ ОРГАНИЗАЦИИ ОБЪЕДИНЕННЫХ НАЦИЙ ПО МОРСКОМУ ПРАВУ, ПРИНЯТОЙ В МОНТЕГО-БЭЙ 10 ДЕКАБРЯ 1982 ГОДА

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 18 сентября 2025 года*

**Статья 1**
Присоединиться к Конвенции Организации Объединенных Наций по морскому праву, принятой в Монтего-Бэй 10 декабря 1982 года.

**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики депонировать грамоту о присоединении к вышеуказанной Конвенции депозитарию, которым является Генеральный секретарь Организации Объединенных Наций.

**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 20 сентября 2025 года №201***

## 2025-ЖЫЛДЫН 17-ИЮЛУНДА КОЛ КОЮЛГАН БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН ДЕҢИЗ УКУГУ БОЮНЧА КОНВЕНЦИЯСЫНЫН НЕГИЗИНДЕ УЛУТТУК ЮРИСДИКЦИЯ КОЛДОНУЛГАН ЧЕКТЕРДЕН ТЫШКАРЫ АЙМАКТАРДА ДЕҢИЗ БИОЛОГИЯЛЫК АР ТҮРДҮҮЛҮГҮН САКТОО ЖАНА ТУРУКТУУ ПАЙДАЛАНУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 18-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
2025-жылдын 17-июлунда кол коюлган Бириккен Улуттар Уюмунун Деңиз укугу боюнча конвенциясынын негизинде Улуттук юрисдикция колдонулган чектерден тышкары аймактарда деңиз биологиялык ар түрдүүлүгүн сактоо жана туруктуу пайдалануу жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ратификациялык грамотаны депозитарий болуп саналган Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына депонирлесин.

**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-сентябры, №202***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ НА БАЗЕ КОНВЕНЦИИ ОРГАНИЗАЦИИ ОБЪЕДИНЕННЫХ НАЦИЙ НО МОРСКОМУ ПРАВУ О СОХРАНЕНИИ И УСТОЙЧИВОМ ИСПОЛЬЗОВАНИИ МОРСКОГО БИОЛОГИЧЕСКОГО РАЗНООБРАЗИЯ В РАЙОНАХ ЗА ПРЕДЕЛАМИ ДЕЙСТВИЯ НАЦИОНАЛЬНОЙ ЮРИСДИКЦИИ, ПОДПИСАННОГО 17 ИЮЛЯ 2025 ГОДА

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 18 сентября 2025 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Соглашение на базе Конвенции Организации Объединенных Наций по морскому праву о сохранении и устойчивом использовании морского биологического разнообразия в районах за пределами действия национальной юрисдикции, подписанное 17 июля 2025 года.

**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики депонировать ратификационную грамоту депозитарию, которым является Генеральный секретарь Организации Объединенных Наций.

**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 20 сентября 2025 года №202***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 10-МАРТЫНДАГЫ №83 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ СИСТЕМАСЫНЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА БЮРОКРАТИЯДАН АРЫЛТУУ БОЮНЧА КОШУМЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Мамлекеттик башкаруу системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 10-мартындагы № 83 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу жана бюрократиядан арылтуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 2-пунктта "1-октябрына" деген сөздөр "31-декабрына" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С. ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 19-сентябры, №269***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-НОЯБРЫНДАГЫ № 254 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК ФОНДУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 254 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө жободо:

– 41-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Социалдык фондго жүктөлгөн милдеттерди аткарууга, ошондой эле коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралар көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 18-сентябры, №591***

## "МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮ ҮЧҮН ЖЕҢИЛДЕТИЛГЕН КРЕДИТ – 2" ДОЛБООРДУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында орундардын жетишсиздик көйгөйүн чечүү жана балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтууну көбөйтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** "Мектепке чейинки билим берүүнү өнүктүрүү үчүн жеңилдетилген кредит – 2" долбоору (мындан ары – Долбоор) тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте:

1) "Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган каражаттардын эсебинен Долбоорду ишке ашыруу үчүн "Элдик Банк", "Айыл Банк" ачык акционердик коомдорунун (мындан ары – Банктар) пайыздык ставкаларын субсидиялоого 8 397 550,0 (сегиз миллион үч жүз токсон жети миң беш жүз элүү) сом өлчөмүндө каражат бөлсүн;

2) кийинки жылдарга республикалык бюджетти түзүүдө Долбоорду ишке ашыруу үчүн каражаттарды караштырсын (транштар).

**3.** Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги Долбоорду ишке ашырууга катышкан Банктар (макулдашуу боюнча) менен биргеликте Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүнө мониторинг, анын натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүп, жыл сайын 1-июлга чейинки мөөнөттө жыйынтыгын Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына берип турсун.

**4.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына менчиктин каалагандай формасындагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарын курууда донорлордун, меценаттардын каражаттарынын эсебинен тышкы жана ички инженердик тармактарды туташтырууну белгиленген тартипте камсыз кылуу сунушталсын.

**5.** Министрликтер, административдик ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар:

1) ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн;

2) өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 19-сентябры, №594***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО
№72 (3728)
2025-жылдын 23-сентябры


## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТТАРДЫ КӨРСӨТҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

"Маалымат алуу укугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесин, жарандарга жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 14-январындагы №6 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестрин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестри:

– төмөнкүдөй мазмундагы 15, 16-пункттар менен толукталсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 15 | Маалымат берүү жөнүндө суроо-талаптар боюнча документтерди жана материалдарды же алардын бөлүктөрүн он беш барактан ашпаган көлөмдө көчүрмөлөө | ЮМ | ЖӨБ аткаруучу органдары | Акысыз |
| 16 | Маалымат берүү жөнүндө суроо-талаптар боюнча документтердин жана материалдардын же алардын бөлүктөрүн он беш барактан ашкан көлөмдө көчүрмөлөө | ЮМ | ЖӨБ аткаруучу органдары | Акы төлөнөт |

";

– төмөнкүдөй мазмундагы эскертүү менен толукталсын:

"Эскертүү: Маалымат берүү жөнүндө суроо-талаптар боюнча документтердин жана материалдардын же алардын бөлүктөрүн он беш барактан ашкан көлөмдө көчүрмөлөө кызматы үчүн акы төлөөдөн жарандардын төмөнкү категориялары бошотулат:

1) ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар; ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү балдары бар үй-бүлөлөр;

2) Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары, Ленинград блокадачылары, концлагерлердин мурдагы туткундары; Чернобыль атомдук электр станциясындагы авариянын кесепеттерин жоюунун натыйжасында майып болгон катышуучулар жана адамдар;

3) аз камсыз болгон үй-бүлөлөр; толук эмес үй-бүлөлөр; белгилүү жашаган жери жок адамдар.".

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 "Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– 2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 5-пунктча менен толукталсын:

"5) маалымат берүү жөнүндө суроо-талаптар боюнча документтердин жана материалдардын же алардын бөлүктөрүн он беш барактан ашкан көлөмдө көчүрмөлөө кызматы үчүн акы төлөөдөн жарандардын төмөнкү категориялары бошотулат:

– ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар; ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү балдары бар үй-бүлөлөр;

– Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары, Ленинград блокадачылары, концлагерлердин мурдагы туткундары; Чернобыль атомдук электр станциясындагы авариянын кесепеттерин жоюунун натыйжасында майып болгон катышуучулар жана адамдар;

– аз камсыз болгон үй-бүлөлөр; толук эмес үй-бүлөлөр; белгилүү жашаган жери жок адамдар.";

– жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестринде:

1) 1-глава ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

2) 4-главада:

– 43-пункттагы "ФМ" деген аббревиатура "МБК" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 44-пункттагы "ММСЖСМ" деген аббревиатура "Спорт агенттиги" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 54, 61-пункттардагы "БИМ" деген аббревиатура "Агартуумин" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 55-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 55 | Кыргыз Республикасында берилген орто жана/же жогорку кесиптик билим тууралуу документтин аныктыгы жөнүндө маалымкаттарды берүү | Агартуумин | Агартуумин, ИЖБИМ | Акысыз |

";

– 56, 60-пункттардагы "БИМ" деген аббревиатура "ИЖБИМ" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 57–59-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 57 | Кыргыз Республикасынын жарандарынын чет өлкөлүк окуу жайларда окуп жаткандыгын ырастоо тууралуу маалымкаттарды берүү | Агартуумин | Агартуумин, ИЖБИМ | Акысыз |
| 58 | Чет өлкөлүк окуу жайларда окуп жаткан адамдардын билим деңгээлин жана мазмунун ырастоо тууралуу маалымкаттарды берүү | Агартуумин | Агартуумин, ИЖБИМ | Акысыз |
| 59 | Тестирлөөнүн бардык түрлөрүнөн өтүүнүн жыйынтыгы боюнча сертификаттарды берүү | Агартуумин | Агартуумин, ИЖБИМ | Акы төлөнөт |

";

– 62, 63-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 62 | Билим берүү ишин жүргүзүүгө укук берүүчү лицензиялардын жана сертификаттардын дубликаттарын берүү | ИЖБИМ | ИЖБИМ, Агартуумин | Акы төлөнөт |
| 63 | Ведомстволук сыйлыктарды мурда алган жеке адамдарга жоготкон ведомстволук сыйлыктарынын дубликаттарын берүү | ИЖБИМ | ИЖБИМ, Агартуумин | Акысыз |

";

– 64–67-пункттардагы "УАК" деген аббревиатура "ИЖБИМ" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 68–73-пункттардагы "ДИМК" деген аббревиатура "ДИЭМУА" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 74-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 74 | Жеке жана юридикалык жактардын өтүнмөлөрү/келишимдери боюнча жер тилкесине укук күбөлөндүрүүчү документти тариздөө | Жер агенттиги | Жер агенттиги | Акы төлөнөт |

";

3) 5-главада:

– 1-пункттагы "ФМ" деген аббревиатура "МСК" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 45, 46-пункттардагы "СӨМ" деген аббревиатура "СӨИТМ" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 63-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 63 | Тематикалык пландан тышкары окуу китептеринин, окуу-методикалык куралдардын жана дидактикалык материалдардын кол жазмаларын экспертизалоо | Агартуумин | Агартуумин, ИЖБИМ | Акы төлөнөт |

";

– 64-пункттагы "БИМ" деген аббревиатура "Агартуумин" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 66-пункттагы "Кыргызпатент" деген сөз "ИЖБИМ" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 70–75-пункттардагы "Курулуш агенттиги" деген сөздөр "Курулуш министрлиги" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы 84, 85-пункттар менен толукталсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 84 | Жеке жана юридикалык жактардын өтүнмөлөрү/келишимдери боюнча жер тилкесин сүрөткө тартууну жүргүзүү | Жер агенттиги | Жер агенттиги | Акы төлөнөт |
| 85 | Жеке жана юридикалык жактардын өтүнмөлөрү/ келишимдери боюнча кыймылсыз мүлк бирдигине номер ыйгаруу (кыймылсыз мүлктү бириктирүүдө же бөлүүдө, кыймылсыз мүлктүн номерин тактоодо) | Жер агенттиги | Жер агенттиги | Акы төлөнөт |

";

4) 6-главада:

– 8–18-пункттардагы "ММСЖСМ" деген аббревиатура "ММЖСМ" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 19, 20-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 19 | Жалпы билим берүү уюмдары, орто жана жогорку кесиптик окуу жайлар үчүн тест тапшырмаларынын базасын даярдап берүү | ИЖБИМ | ИЖБИМ, Агартуумин | Акы төлөнөт |
| 20 | Жеке жана юридикалык жактарга билим берүү жана илим системасы жөнүндө статистикалык, маалыматтык жана башка маалыматтарды берүү | ИЖБИМ | ИЖБИМ, Агартуумин | Акысыз |

";

– 21-пункттагы "БИМ" деген аббревиатура "Агартуумин" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 29–32, 36-пункттардагы "СӨМ" деген аббревиатура "СӨИТМ" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 38-пункттагы "УАК" деген аббревиатура "ИЖБИМ" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 40–46-пункттардагы "Кыргызпатент" деген сөз "ИЖБИМ" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы 51-пункт менен толукталсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 51 | Жеке жана юридикалык жактардын өтүнмөлөрү/ келишимдери боюнча мейкиндик, кадастрдык маалыматтарды жана "KyrPos" туруктуу GPS/GNSS станцияларынан маалыматтарды берүү | Жер агенттиги | Жер агенттиги | Акы төлөнөт |

";

5) 7-главада:

– 1-пункттагы "ММСЖСМ" деген аббревиатура "ММЖСМ" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 4, 5-пункттардагы "УАК" деген аббревиатура "ИЖБИМ" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 6, 7-пункттардагы "Кыргызпатент" деген сөз "ИЖБИМ" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы 9, 10-пункттар менен толукталсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 9 | Маалымат берүү жөнүндө суроо-талаптар боюнча документтерди жана материалдарды же алардын бөлүктөрүн он беш барактан ашпаган көлөмдө көчүрмөлөө | ЮМ | Мамлекеттик органдар, алардын ведомстволук мекемелери | Акысыз |
| 10 | Маалымат берүү жөнүндө суроо-талаптар боюнча документтерди жана материалдарды же алардын бөлүктөрүн он беш барактан ашкан көлөмдө көчүрмөлөө | ЮМ | Мамлекеттик органдар, алардын ведомстволук мекемелери | Акы төлөнөт |

";

6) 8-главада:

– 5-пункттагы "ФМ" деген аббревиатура "МБК" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 10–13-пункттардагы "СӨМ" деген аббревиатура "СӨИТМ" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

7) 10-главада:

– 7, 8-пункттардагы "ММСЖСМ" деген аббревиатура "Спорт агенттиги" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 9-пункттагы "ММСЖСМ" деген аббревиатура "ММЖСМ" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 12-пункттагы "ФМ" деген аббревиатура "МСК" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

– 13, 14-пункттардагы "Кыргызпатент" деген сөз "ИЖБИМ" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

8) кыскартуулардын тизмеси ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**
***Бишкек ш., 2025-жылдын 19-сентябры, №593***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО



АЙМАК ӨНҮКСӨ – ӨЛКӨ ӨНҮГӨТ

## Ноокат районунун Кыргыз-А

# “АЙЫЛ АЙМА АЙМАКК

**Кыргыз-Ата айыл аймагы акыркы жылдары инфраструктураны жакшыртуу, билим берүүнү өнүктүрүү жана калктын жашоо шартын жогорулатуу багытында ири кадамдарды жасоодо. Айыл өкмөтүнүн башчысы Мирлан Ракишевдин жетекчилиги астында жолдор асфальтталып, мектептер оңдолуп, коомдук тартип жана экологиялык тазалык камсыздалууда. Анын жигердүү аракеттери жана эл менен тыгыз кызматташуусунун натыйжасында Кыргыз-Ата айыл өкмөтү дотациядан чыгып, өз алдынча өнүгүү жолуна түштү. Бул маекте Мирлан Ракишев айыл аймагынын жетишкендиктери, учурдагы иштер жана келечекке болгон пландары тууралуу айтып берет.**

**- Мирлан Кубанычбекович, Кыргыз-Ата айыл аймагында акыркы мезгилде жол инфраструктурасын жакшыртуу боюнча ири иштер жүрүп жатат. Бул долбоорлордун негизги максаты эмне жана кандай натыйжаларга жетишилди?**

- Биздин негизги максатыбыз айыл тургундарынын жашоо шартын жакшыртуу жана коомдук кызыкчылыкты камсыз кылуу. Акыркы убакта Кыргыз-Ата, Борко, Ак-Булак жана Кара-Кой айылдарында бир катар көчөлөрдү кеңейтүү жана асфальттоо иштери ийгиликтүү аяктады. Мисалы, Кыргыз-Ата айылындагы Султан-Саркар жана Сурма Абдыразакова көчөлөрү асфальтталып, ачылыш аземи салтанаттуу өттү. Мындан тышкары, Ак-Булак айылындагы М.Капаров көчөсүндө 2 метрлик көпүрө кеңейтилип, 6,5 метрлик жаңы көпүрөгө алмаштырылды. Бул иштер жол кыймылын жеңилдетип, коопсуздукту жогорулатты. Жергиликтүү элдин колдоосу менен ушундай ири өзгөрүүлөрдү ишке ашырып жатабыз.

**- Жол курулушунда “кызыл сызыкка” чыгып алган курулуштар жана тосмолор тосколдук жаратып жатканы айтылууда. Бул маселени кантип чечүүдөсүздөр?**

- Туура, айрым тургундардын мыйзамсыз курулуштары жана тосмолору жол курулушуна тоскоол болууда. Мисалы, Кара-Кой айылындагы Жаз-Токой участкасындагы А.Орозов көчөсүндө ушундай көйгөй бар. Биз жеринде түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, элге мыйзам талаптарын сактоонун маанилүүлүгүн айтып келе жатабыз. Экинчи ирет эскертүү берилип, тосмолорду алуу суралды. Бул иштер коомдук кызыкчылык үчүн жасалууда. Ошондуктан тургундарды түшүнүү менен мамиле кылууга чакырабыз.

**- Билим берүү тармагында да маанилүү кадамдар жасалып жатат окшойт. Борко айылындагы мектепти оңдоо жана Арал участкасындагы окуучулар үчүн кичи автобус уюштуруу тууралуу айтып берсеңиз.**

- Билим берүү биздин артыкчылыктуу багыттарыбыздын бири. Борко айылындагы К.Каримов атындагы мектепте 2025-2026-окуу жылына даярдык катары ремонт иштери жүргүзүлдү. Мектептин айланасын тазалоо да уюштурулуп, окуучуларга ыңгайлуу жана коопсуз чөйрө түзүлдү. Ал эми Арал участкасында мектептен алыс жашаган балдар үчүн кичи автобус уюштурдук. Бул демилге окуучулардын татыктуу билим алышына шарт түзүп, ата-энелердин тынчсызданусун азайтты. Жаш муундун келечеги үчүн мындай иштерди уланта беребиз.

**- Соода түйүндөрүндө санитардык нормаларды жана коопсуздукту көзөмөлдөө боюнча да иштер жүрүп жатыптыр. Бул багытта кандай чаралар көрүлүүдө?**

- Балдардын жана тургундардын ден соолугуна зыян келтире турган, сертификаты жок товарлардын сатылышына тыюу салуу боюнча иштерди жүргүзүп жатабыз. Мен соода түйүндөрүн кыдырып, дүкөн ээлерине санитардык талаптарды сактоо, тазалыкты камсыз кылуу жана коопсуздук эрежелерин кармануу тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүздүм. Бул жалпы коомдун жоопкерчилиги экенин баса белгилейм. Мындан ары да мындай көзөмөлдү күчөтүп, мыйзамсыз товар жүгүртүүгө каршы туруктуу иш алып барабыз.

**- Айыл чарба жана экология багытында да активдүү иштер жүрүп жатыптыр. Ошондой эле, Кыргыз-Ата дарыясын тазалоо иштери кандай натыйжа берди?**

- Мен жакында тургундардын айыл чарба иштери менен таанышып, сабиз жана картошка талааларынын ээлери менен жолугуштум. Алардын эмгегине баа берип, керектүү сунуштарды бердик. Бул иштер айыл чарбасын колдоо жана түшүмдүүлүктү жогорулатуу максатын көздөйт. Ал эми Кыргыз-Ата дарыясын тазалоо боюнча, сел коркунучун азайтуу үчүн дарыянын нугу кеңейтилип, ылай жана таштандылар тазаланды. Бул иштер ӨКМ менен тыгыз кызматташууда аткарылып, айыл элинин коопсуздугун камсыздоого багытталган.

**- Айылдын тазалыгына өзүңүз да жеке катышып, тазалоо иштерин жүргүзүп жатыпсыздар. Бул демилге кандай ишке ашууда?**

- Тазалык бул жалпы коомдун жоопкерчилиги. Мен айыл ичин таза кармоо үчүн тургундарга үлгү болуу максатында тазалоо иштерине өзүм да катышам. Мисалы, «Желмаян" унаа менен чыгып, айылдын тазалыгына салым кошом. Бул иш-аракеттер элди биримдикке жана жоопкерчиликке үндөйт. Жергиликтүү тургундар да ушундай иштерге активдүү катышып, айылдын көркүн сактоого аракет кылып жатышат.

Ошондой эле, жалпы коомчулукту жана айыл тургундарын









*Башчы М.Ракишев аймактын инфраструктуралык иштеринде*




### та айыл өкмөтүнүн башчысы Мирлан РАКИШЕВ:

# АГЫБЫЗ – ӨНҮККӨН А АЙЛАНУУДА”



Мугалимдерге ноутбуктарды тапшыруу учуру

кайдыгер болбой жолдордун жана коомдук мүлктүн сакталышы үчүн жоопкерчилик менен мамиле кылууга чакырам. Айрым убактарда арыктарды убагында чаап, тазалабагандыктан сугат суулары ашып, жакында эле төшөлгөн асфальттардын бузулуусуна алып келүүдө.

**- Ак-Булак айылындагы инфраструктуралык өзгөрүүлөр жана элдин биримдиги тууралуу айтып берсеңиз. Бул өзгөрүүлөр айылдын жашоосуна кандай таасир этүүдө?**

- Ак-Булак айылында элдин биримдиги жана айыл өкмөтүнүн колдоосу менен 4 негизги көчөгө асфальт төшөө иштери башталды. Мындан тышкары, М.Маматов көчөсүндө шагыл төгүү жана таза суу киргизүү иштери жүрүүдө.

Ак-Булак жана Көтөрмө айылдарын бириктирген жолдун жээгине жөө адамдар жана велосипед жүрө турган тротуар курулду. Бул иштер коомдук коопсуздукту жогорулатуу, жөө жүргүнчүлөр үчүн ыңгайлуу жана коопсуз шарт түзүү максатында ишке ашырылды.

Тротуар куруу менен жол жээгиндеги кыймыл иретке келтирилип, өзгөчө жаш балдар, карылар жана мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар үчүн өтүү мүмкүнчүлүгү жакшырды. Бул өзгөрүүлөр айылдын көрүнүшүн жаңыртып, жашоо сапатын жакшыртууда. Элдин ынтымагы жана биргелешкен аракети бул ийгиликтин негизи. Мындан ары да ушундай демилгелерди колдойбуз.

**- Кыргыз-Ата айыл аймагынын келечеги үчүн кандай пландарыңыз бар?**

- Жакында эле Кыргыз-Ата айыл аймагына караштуу Кара-Кой айылындагы "Шивели" участкасында жаңы туристтик жай – зиплайн ачылды.


Бул демилге аймактагы туризмди өнүктүрүү, жаштарды активдүү эс алууга тартуу жана айылдын туристтик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында ишке ашырылды. “Шивели” участкасы эми эс алуучулар үчүн кызыктуу жана коопсуз экстремалдык тажрыйба тартуулаган жаңы жайга айланды.

Ошондой эле, биздин негизги максатыбыз – айылдын инфраструктурасын өнүктүрүү, билим берүү жана саламаттык сактоо тармагын жакшыртуу, экологиялык тазалыкты сактоо жана элдин жашоо шартын жогорулатуу. Жолдорду оңдоо, таза суу менен камсыздоо, мектептерди жакшыртуу жана айыл чарбасын колдоо боюнча иштер улантылат. Элдин биримдиги жана колдоосу менен Кыргыз-Ата айыл аймагын өнүккөн, жашоого ыңгайлуу аймакка айландырууну көздөйбүз. Тургундарга ыраазычылыгымды билдирип, алдыда дагы көп ийгиликтер болоруна ишенем.

**Кенже ОСМОНАЛИЕВА**



Кара-Кой эс алуу жайы






Аймактагы мектеп окуучуларын ташуучу кичи автобус

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-НОЯБРЫНДАГЫ №264 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТКАРУУ БИЙЛИГИНИН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАШКА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН, АНЫН ИЧИНДЕ ТЕХНИКАЛЫК ЖАНА ТЕЙЛӨӨЧҮ ПЕРСОНАЛЫНЫН ШТАТТЫК САНЫНЫН ЧЕГИ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу жана түзүмүн оптималдаштыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемесинде:

– 3-пунктта “136”, “131” деген цифралар тиешелүү түрдө “151”, “146” деген цифраларга алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги “Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда, ошондой эле кийинки жылдарга республикалык бюджетти түзүүдө ушул токтомдон келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү карасын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-сентябры, №596***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 4-НОЯБРЫНДАГЫ №665 “ЖЕР УЧАСТОКТОРУН КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жер участокторун бир категориядан башкасына же жерлерди бир түрдөн экинчисине которуунун (трансформациялоонун) жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы №665 “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбула төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Жер участокторун бир категориядан башкасына же жерлерди бир түрдөн экинчисине которуунун (трансформациялоонун) бирдиктүү тартибин белгилөө максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 13, 18, 20 жана 22-беренелерине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:”;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө жободо:

– 5-пунктта:

төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– асылдуулугу кыйла төмөн айыл чарба жерлерин кыйла баалуу жердин түрлөрүнө, айыл чарба жерлеринин баалуулугу бирдей түрлөрүн – “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясындагы бир түрдөн экинчисине которуудан (трансформациялоодон) тышкары, техникалык-экономикалык негиздемеси менен шаар куруу документтерин иштеп чыгуу укугуна тиешелүү лицензиясы бар ыйгарым укуктуу орган же ишкана, уюм жана мекемелер тарабынан иштелип чыккан макулдашылган башкы курулуш планы (жерлерди “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которууда) же жер участогунун чек аралары, долбоорлонуучу объекттердин жайгашуусу, келүүчү жолдор, инженердик коммуникациялар жана коргоо зоналары көрсөтүлгөн жер участогунун эскиздик долбоору (жерлерди “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которуудан тышкары, жерлердин башка түрлөрүнө же башка категорияларына которууда);

Техникалык-экономикалык негиздеме төмөнкү принциптерди эске алуу менен иштелип чыгат: көйгөйдү негиздөө жана долбоордун максаттарын түзүү, техникалык, экономикалык, социалдык жана экологиялык аспекттерди эске алуу, жеткиликтүү ресурстарды жана каржылоо булактарын талдоо, альтернативдүү чечимдерди баалоо, долбоордун күтүлүүчү натыйжаларын жана натыйжалуулугун болжолдоо, мүмкүн болуучу тобокелдиктерди жана долбоорду ишке ашыруунун туруктуулугун эсепке алуу.”;

алтынчы абзац “башкаруунун аткаруу органы,” деген сөздөрдөн кийин “көп кабаттуу турак үйлөрдү курууга берилүүчү жерлерди которууну кошпогондо,” деген сөздөр менен толукталсын;

– 7-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“7. Тиешелүү филиал курамына төмөнкүлөр кирген жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө жерге жайгаштыруу көктөмөсүн түзөт:

1) арыз, арыз ээсинин – жеке жактын ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтердин көчүрмөлөрү же болбосо юридикалык жакты каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү, юридикалык жактын уюштуруу документтери, жер участогуна укук белгилөөчү жана укукту күбөлөндүрүүчү документтердин көчүрмөлөрү;

2) асылдуулугу кыйла төмөн айыл чарба жерлерин кыйла баалуу жерлердин түрлөрүнө, айыл чарба жерлеринин баалуулугу бирдей түрлөрүн – “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясындагы бир түрдөн экинчисине которуудан (трансформациялоодон) тышкары, техникалык-экономикалык негиздемеси бар шаар куруу документтерин иштеп чыгуу укугуна тиешелүү лицензиясы бар ыйгарым укуктуу орган же ишкана, уюм жана мекемелер тарабынан иштелип чыккан курулуштун белгиленген тартипте макулдашылган башкы планы же жер участогунун эскиздик долбоору;

3) Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 15-беренесинин 4-бөлүгүндө жана 16-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, жерлерди которууда (трансформациялоодо) айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайдасын эсептөөлөр;

4) ар бир менчик ээси жана жер пайдалануучу боюнча жерлердин түрлөрү жана жерлердин контурлары боюнча жерлердин экспликациясы;

5) чек араларын жана масштабын көрсөтүү менен жер участогунун планы;

6) калктуу конуштардын аймактарын кеңейтүүдө жана жаңы калктуу конушту түзүүдө – көп кабаттуу турак үйлөрдү курууга берилүүчү жерлерди которууну кошпогондо, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандарын жер участоктору менен камсыз кылуу боюнча программанын көчүрмөсү;

7) түшүндүрмө кат;

8) айыл чарба жерлерин жерлердин башка түрлөрүнө же жерлердин категорияларына которууда (трансформациялоодо) жерлердин кыртыштык-мелиоративдик абалы жөнүндө корутунду;

9) “Кыргызмамжердолбоорлоо” мамлекеттик ишканасынын ачык жана кагаз булактарынан алынган картографиялык материалдарды, аянттардын инвентаризациялык ведомостун, жерлердин экспликациясын, которуунун (трансформациялоонун) негиздүүлүгүн тиркөө менен корутундусу;

10) асылдуулугу кыйла төмөн айыл чарба жерлерин кыйла баалуу жерлердин түрлөрүнө, айыл чарба жерлеринин баалуулугу бирдей түрлөрүн – “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясындагы бир түрдөн экинчисине которуудан (трансформациялоодон) тышкары, которулуучу (трансформацияlануучу) жер участогунда пайдалуу кендердин бар же жок экендиги жөнүндө жер казынасын пайдалануу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын корутундусу (маалыматтары);

11) жер участогу буга чейин айыл чарба максаттарында пайдаланылган жана калктуу конушка жакын жайгашкан учурларды кошпогондо, которууга (трансформациялоого) сунушталган жер участогунда курулуш же суу каптоо пландалган учурда, тарыхый-маданий мурас объекттеринин бар же жок экендиги жөнүндө маданият чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын корутундусу;

12) сугат айдоо жерлерин жерлердин башка категориясына которууда (трансформациялоодо) өздүк, зайымдык каражаттардын жана инвестициялардын эсебинен жерлердин башка категорияларынан жана жерлердин түрлөрүнөн сугат айдоо үчүн бирдей маанидеги аянтты өздөштүрүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын маалыматы;

13) асылдуулугу кыйла төмөн айыл чарба жерлерин кыйла баалуу жердин түрлөрүнө, айыл чарба жерлеринин баалуулугу бирдей түрлөрүн – “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясындагы бир түрдөн экинчисине которуудан (трансформациялоодон) тышкары, которулуучу (трансформациялануучу) жер участогунун айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарына ылайык келүүсүнө айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү аймактык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын корутундусу.

Тиешелүү филиал жерге жайгаштыруу көктөмөсү түзүлгөн күндөн тартып 5 (беш) жумуш күндүн ичинде жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндө жерге жайгаштыруу ишин жер участогу жайгашкан аймактагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын кароосуна киргизет.

Жер участокторун бир категориядан башкасына же жерлердин башка түрүнө которуунун (трансформациялоонун) демилгечиси жерге жайгаштыруу көктөмөсүндө зарыл болгон корутундулардын жана маалыматтардын болушун камсыз кылат.”;

– 8, 12, 14-пункттардагы “10 (он)” деген сөздөр “5 (беш)” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 10-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“10. Жер участокторун бир категориядан башкасына же жерлердин башка түрүнө которуунун (трансформациялоонун) демилгечиси жерге жайгаштыруу ишинде зарыл корутундулардын жана маалыматтардын болушун камсыз кылат.

Арыз ээлери жер участогуна материалдарды түзүү менен байланышкан чыгымдарды берилген эсептөөлөргө ылайык ыйгарым укуктуу органдарга төлөйт.

Мамлекеттик жер кадастрынын маалыматтарында көрсөтүлгөн жер участокторунун жерлердин белгилүү бир категориясына же жерлердин түрүнө таандыктыгы жөнүндө маалыматтар менен жер участокторуна укук белгилөөчү документтерде же жерге укукту күбөлөндүрүүчү документтерде көрсөтүлгөн маалыматтардын ортосунда карама-каршылыктар болгондо жер участокторун жерлердин белгилүү бир категориясына же жерлердин түрүнө киргизүү жер участокторунун укук ээлеринин арыздары боюнча жер участокторуна укук белгилөөчү документтерде же жерге укукту күбөлөндүрүүчү документтерде көрсөтүлгөн маалыматтардын негизинде жүзөгө ашырылат.

Мында айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын, ошондой эле алынбай калган пайданын ордун толтурууну эсептөө кыйла баалуу жердин түрлөрүнө көрсөтмөнү камтыган маалыматтардын негизинде – мындай маалыматтардын (мамлекеттик жер кадастрынын же укук белгилөөчү же укук күбөлөндүрүүчү документтердин маалыматтары) келип чыккан булагына карабастан ишке ашырылат.”;

– 11-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

– 21-пунктта:

“айлана-чөйрөнү коргоо жана” деген сөздөр алып салынсын;

“айыл жана суу чарба” деген сөздөрдөн кийин “(облустук жана республикалык маанидеги шаарлардын чектеринде жайгашкан жер участокторун кошпогондо)” деген сөздөр менен толукталсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы $28^1$-пункт менен толукталсын:

“$28^1$. Комиссиянын төрагасынын тапшырмасы боюнча корутундунун долбоору комиссиянын мүчөлөрүнүн сурамжылоо баракчасына виза коюу жолу менен макулдашылышы мүмкүн, ал корутундунун долбооруна тиркелет.”;

– төмөнкүдөй мазмундагы 34-пункт менен толукталсын:

“34. Трансформацияланган жер участогу пайдаланылбаган же аны максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда, ошондой эле жерди пайдалануучу үч жылдын ичинде өздүк, зайымдык каражаттарынын жана инвестициянын эсебинен жерлердин башка түрлөрүн сугат айдоого кийин Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондуна киргизүү менен өздөштүрүү боюнча милдеттенмелерди аткарбаганда көрсөтүлгөн жер участогу кайталап которуу (трансформациялоо) жол-жоболорун жүргүзбөстөн баштапкы абалына келтирилүүгө тийиш.

Трансформацияланган жер участокторун максаттуу пайдалануунун шарттарын, жаңы жерлерди өздөштүрүүнүн мөөнөттөрүн сактоону жана аларды Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондуна киргизүүнү контролдоо жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте жер участокторун коргоо жана пайдаланууну контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

Жер участогун баштапкы абалга келтирүү жөнүндө чечимдер жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдардын компетенциясына ылайык кабыл алынат жана мамлекеттик жер кадастрына киргизилүүгө тийиш.”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-сентябры, №597***

## 2025-ЖЫЛДЫН 8-ИЮЛУНДА ДҮЙШӨМБҮ ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН ТАЖИКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ ГЕОДЕЗИЯ, КАРТОГРАФИЯ, ЖЕРГЕ ЖАЙГАШТЫРУУ, КАДАСТР, КЫЙМЫЛСЫЗ МҮЛКТҮ КАТТОО ЖАНА ЖЕРДИ АРАЛЫКТАН ИЗИЛДӨӨ ЖААТЫНДА КЫЗМАТТАШУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2025-жылдын 8-июлунда Дүйшөмбү шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Тажикстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Геодезия, картография, жерге жайгаштыруу, кадастр, кыймылсыз мүлктү каттоо жана Жерди аралыктан изилдөө жаатында кызматташуу жөнүндө макулдашуу бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн Макулдашууну ишке ашыруу үчүн жоопту ыйгарым укуктуу орган болуп аныкталсын.

**3**. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тажик тарапка ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө кабарласын.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 18-сентябры, №590***

---

*2026-жылдагы ажылык иштерине даярдык башталгандыгына байланыштуу*

## КЫРГЫЗСТАН МУСУЛМАНДАР ДИН БАШКАРМАЛЫГЫ (МУФТИЯТ)

### Ажыга баруучулардын жайкы кемселин (жилет) тигүүчүлөр ортосунда КОНКУРС ЖАРЫЯЛАЙТ.

Конкурс тууралуу кененирээк маалымат алуу үчүн Муфтияттын төмөнкү дарегине кайрылса болот.
**Бишкек ш., Жибек-Жолу пр., 264/3. Муфтияттын жаңы кеңсеси.**

| | |
|---|---|
| Конкурс өтө турган күн: | **22-октябрь, 2025-ж. Саат 10.00** |
| Жайы: | **Муфтияттын жыйындар залы.** |
| Документтерди кабыл алуу: | **2025-жылдын 22-сентябрынан 20-октябрь күнү саат 17.00гө чейин.** |

*• Жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирилген арыздар кабыл алынбайт.*

**КМДБнын Ажы бөлүмү**
**уюлдук тел.: (0778) 48-61-67/(0708) 48-61-67**
**э-почта: muftiyat.hajj@mail.ru**

**2026-жылдагы Ажылар кийүүчү кемсел (жилет) тигүүчүлөргө коюлган талаптар**

1. Ажылыкты уюштуруу боюнча убактылуу республикалык штабдын төрагасынын атына арыз.
2. Конкурстун катышуучуларынын документтеринин көчүрмөсү.
3. Лицензиянын (патенттин) көчүрмөсү.
4. Чыгашасыз ишмердигинин далили катары акыркы үч жылдагы өкүлдүк орган тарабынан күбөлөндүрүлгөн бухгалтердик балланстын оригиналынын бардык тиркемелери менен сканирленген көчүрмөсүн берүү.
5. Конкурска катышуучунун экономикалык кылмыштар боюнча соттолбогондугу (Кыргыз Республикасынын ИИМнин жазуу түрүндөгү маалыматы менен тастыкталат).
6. Конкурска катышуучу менен кардардын ортосунда кызыкчылыктар кагылышынын жоктугу. Мындайча айтканда, кардардын жетекчисинин, конкурсту өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөлөрү же башкалар менен тууганчылык мамиледе болбоосу (уюмдун бланкына жетекчинин колу коюлган кат аркылуу тастыкталат).
7. Тигүү ишканаларынын рыногунда конкурстун катышуучусунун акыркы 3 жылдагы иши жөнүндө тастыктоочу финансылык документтер.
8. Салык кызматынан карызы жоктугу жөнүндө тиешелүү аныктама.
9. Реквизиттер.
10. Зыяратчылар (эркектер жана аялдар) үчүн кемсел (жилет) кийимдеринин үлгүсү.
11. Штаб мүчөлөрү (эркектер жана аялдар) үчүн кемсел (жилет) кийимдеринин үлгүсү.
12. Ажылардын буюмдары үчүн сумкалардын (рюкзактардын) үлгүсү.

**Эскертүү:** *көрсөтүлгөн мөөнөттөн кеч берилген арыздар комиссия тарабынан каралбайт.*

С/О 828

---

*2026-жылдагы ажылык иштерине даярдык башталгандыгына байланыштуу*

## КЫРГЫЗСТАН МУСУЛМАНДАР ДИН БАШКАРМАЛЫГЫ (МУФТИЯТ)

### Ажыга баруучуларды менингит жана мезгилдик гриппке каршы эмдөөдөн өткөрүү үчүн эмдөө дарыларын Кыргызстанга алып келүүчү тараптар ортосунда КОНКУРС ЖАРЫЯЛАЙТ.

Конкурс тууралуу кененирээк маалымат алуу үчүн Муфтияттын төмөнкү дарегине кайрылса болот.
**Бишкек ш., Жибек-Жолу пр., 264/3. Муфтияттын жаңы кеңсеси.**

| | |
|---|---|
| Конкурс өтө турган күн: | **22-октябрь, 2025-ж. Саат 10.00** |
| Жайы: | **Муфтияттын жыйындар залы.** |
| Документтерди кабыл алуу: | **2025-жылдын 22-сентябрынан 20-октябрь күнү саат 17.00гө чейин.** |

*• Жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирилген арыздар кабыл алынбайт.*

**КМДБнын Ажы бөлүмү**
**уюлдук тел.: (0778) 48-61-67/(0708) 48-61-67 э-почта: muftiyat.hajj@mail.ru**

### 2026-ЖЫЛДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫК АЖЫЛАР ҮЧҮН ГРИППКЕ ЖАНА МЕНИНГИТКЕ КАРШЫ ВАКЦИНАЛАРДЫ АТА МЕКЕНДИК АЛЫП КЕЛҮҮЧҮЛӨРДҮН АРАСЫНДА КОНКУРС

*Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарында иммунизациялоонун коопсуз практикасы боюнча колдонмого ылайык 15 август 2017-ж. №718*

**Гриппке каршы жана менингитке каршы вакциналарды ташууда жана сактоодо вакциналарды жеткирүү боюнча конкурстун катышуучулары сактоого милдеттүү болгон атайын талаптар белгиленди**

1. Конкурстун катышуучулары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, товарларды жеткирүү, конкурстун предмети болуп эсептелген жумуштарды кылуу, кызматтарды көрсөтүү боюнча иш кылып жүргөн адамдарга коюлган талаптарга ылайык келүүлөрү керек.
2. Уставдын оригиналынын көчүрмөсүн берүү (негизги ишмердикти аныктоочу документ).
3. Мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген лицензия. Фармацевтикалык ишмердик жүргүзүүгө жана медициналык иммунобиологиялык дары-дармектерди (МИД) сатууга укук берүүчү күчүндөгү лицензиянын көчүрмөсү.
4. Сауд Арабия Падышалыгынын (САП) ыйгарым укуктуу органдары бекиткен Инструкциянын талаптарына ылайык даярдалган вакциналардын техникалык спецификациясы

### ГРИППКЕ КАРШЫ ВАКЦИНА

***Антигендери аз өлчөмдө болгон, инактивдештирилген грипптик вакцина (штаммга 5-15 мкг).***

Коопсуздуктун жана реактогендиктин талаптарына жооп берүүчү, 2026-2027-жж. сезонго Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму (БДССУ) сунуштаган грипптин вирусунун активдүү штаммдарынын болуусу. Шприц-доза 0,5 мл;

Алып келинүүчү вакцина акыркы 3 жылда Кыргыз Республикасында колдонулган жана оң мүнөздөмөгө ээ болууга тийиш. Колдонууну тастыктоо үчүн Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техника департаментинин (КР ССМ ДКМТД) ылайык келүү сертификаты болуусу.

Өндүргөн заводдун авторлошкон каты (оригиналы).

Продукцияда өндүрүлгөн датасы жана жарактуу мөөнөтү көрсөтүлүшү керек.

КР ССМ ДКМТДин каттоо күбөлүгү.

### МЕНИНГИТКЕ КАРШЫ ВАКЦИНА

***Серо групп ACYW135 менингокок полисахарид вакциналары.***

Ар бир флакондо адам үчүн бир жолку дозанын 0,5 мл камтыйт. Ар бир вакцинанын дозасы ар бир полисахарид ACYW135 менингококк топтун 50 мкг камтыйт.

Ар бир флакон 1 мг. Бир флакон лиофилирленген вакцина үчүн (0,5 мл) аралаштыруучусу менен.

Продукцияда өндүрүлгөн датасы жана жарактуу мөөнөтү көрсөтүлүүгө тийиш.

Алып келинүүчү вакцина акыркы 3 жылда Кыргыз Республикасында колдонулган жана оң мүнөздөмөгө ээ болууга тийиш. Колдонууну тастыктоо үчүн КР ССМ ДКМТД ылайык келүү сертификаты болуусу.

Продукцияда өндүрүлгөн датасы жана жарактуу мөөнөтү көрсөтүлүүгө тийиш.

КР ССМ ДКМТД каттоо күбөлүгүнүн болуусу.

Өндүргөн заводдун авторлошкон каты (оригиналы).

Жеткирүүчү вакциналарды сатып алуучу көрсөткөн пункттарга жеткирип берүүнү камсыз кылат. Вакциналар, препараттын күн нурларынан, нымдан, көгөрүп кетүүдөн, кемирүүчүлөрдөн ж.б. сакталуусун камсыз кылуучу жабык имараттарда (+2 ден +8ге чейинки градус) температурасында сакталууга тийиш. Акыркы айтылган пунктка ташып жеткирүү термоконтейнерлерде жүргүзүлөт жана суутук чынжыры (+2ден +8) градуска чейинки температуралык режимде кармалып турууга тийиш.

Вакцинаны жеткирүү мөөнөтү келишим кол коюлгандан тартып 30 күндүн ичинде жеткирилип берилүүгө тийиш.

- Вакциналарды жана дары-дармектерди жеткирүү боюнча (акыркы 3 жылда) конкурстук арыздын суммасынан кем эмес өлчөмдө, эки окшош келишимди аткаруу тажрыйбасы болуу.
- Конкурстун катышуучусу Кыргыз Республикасындагы бардык милдеттүү төлөмдөрдү төлөө боюнча өзүнүн милдеттенмелерин аткарууга тийиш. Социалдык фонддун аныктамасынын оригиналынын сканирленген көчүрмөсүн жана Салык Кызматынан карызы жоктугу тууралуу маалыматы берилиши керек.
- Чыгашасыз ишмердигинин далили катары, акыркы үч жылдагы өкүлдүк орган тарабынан күбөлөндүрүлгөн бухгалтердик баланстын оригиналынын бардык тиркемелери менен сканирленген көчүрмөсүн берүү.
- Конкурска катышуучунун экономикалык кылмыштар боюнча соттолбогондугу (Кыргыз Республикасынын ИИМнин жазуу түрүндөгү маалыматы менен тастыкталат).
- Конкурска катышуучу менен кардардын ортосунда кызыкчылыктар кагылышынын жоктугу. Мындайча айтканда, кардардын жетекчисинин, конкурсту өткөрүү боюнча конкурстун мүчөсү же башкалардын тууганчылык мамиледе болбоосу (уюмдун бланкына жетекчинин колу коюлган кат аркылуу тастыкталат).
- Таза эмес жеткирүүчүлөр реестринде конкурска катышуучулар жөнүндө маалыматтардын болбоосу (жетекчинин уюмдун бланкына коюлган каты аркылуу тастыкталат).

С/О 828

---

***Тожибаев Отабек Сапарбаевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам. актысы Ч №1034157 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-575

---

***Эгембердиев Анвар Муратхановичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү №0517 (15.03.1999-ж.) иден.коду 0708 110022 0550 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-578

---

***В связи с утерей диплома серия СС №130035254 на имя Алиевой Гюлюстан Торун кызы считать недействительным.***

М.6.

---

***Мойдунов Мамитжанга таандык болгон 17.11.2000-жылы берилген сериясы Б №001378 жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 389

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## ОАО «Айыл Банк»

**объявляет реализацию списанных товаро-материальных ценностей (СТМЦ) не пригодных для дальнейшего использования в ОАО «Айыл Банк»:**

